Жалал-Абад шаарындагы №22 жалпы негизги билим берүүчү мектебинин 1-9-классынын 2018-2019-окуу жылына карата ата-энелер чогулушунун

**Токтому:**

07.09.2018

Чогулуштун максаты.

Окуучулар окуу процесин жөнгө салуу, тарбиясын көзөмөлгө алуу.

Кун тартибинде каралуучу маселелер:

1. Окуу процессин жана тарбия иштери боюнча тааныштыруу.
2. Кылмыштуулуктун алдын алуу.
3. Ар кандай маселелер.
   - ✓ Өздук гигиенаны сактоо.
   - ✓ Окуучунун формасы.
   - ✓ Мектеп- телефонсуз зона.
   - ✓ Окуучунун тартиби.

Угулду: Мектеп директору Мамырасулова А.Д

1. - Саламатсыздарбы урматтуу ата-энелер. Жалал-Абад шаарындагы №22 жалпы негизги билим берүүчү мектебинде 117 окуучу билим алат.

1. 2. Бүгүнкү биздин эң негизги маселе «Кылмыштуулуктун алдын алуу» Өспүрүмдөр арасында кьшмыштуулуктун алдын алуу жана талап тоноо, арызданyy сыяктуу кокустук терс көрүнүштөрдү ачыкка чыгарып, кесепеттери менен күрөшүү. Өспүрүмдөр арасында кылмыштуулуктун алдын алууда түздөн — түз өспүрүмдөр менен иш алып баруу. Боюнча ИДН кызматкери милициянын кенже лейтенанты Сатиев Тынарбекке берели,сиздерге толук маалыматты берет.

**ИДН кызматкери Сатиев Тынарбек:**

--Саламатсыздарбы урматтуу ата-энелер? Азыр балдар арасында кылмыштуулук өтө күч болуп жатат. Бирин-бири сабоо, налог салуу, бири-бирине үстөмдүк кылуу. Биз негизинен балдар кандай иш жасабасын, арызданбасын кызыкчылык кылып жаап жашырып коёбуз. Бирок силер ошол жаап койгон көйгөлөр балдар арасында улана берет. Мисалы үстөмдүк кылуу . Чон класстын окуучусу кичинекей класстын окуучусуна үстөмдүк кылат. Бала сиздерге кайрылды же даттанды. Ата-энелер өз алдынча кечирим сурашат да ишти бүтүргөнгө аракет кылышат, Бирок ал иш бул менен гана чектелип калбайт. Мындайча айтканда уланат. Эгер мушташ чыгып баланын талдуу жерине тийип чаап алса бала майып болуп калса, сиздер баягы өз ара чечишип алган маселеге келип такалат. Баланын келечегине балта чабылат. Урмапуу ата-энелер ошону үчүн кылмыштуу окуяларды угуп же билип калсаңызар дароо бизге кайрылыңыздар . Билдирүү бериниздер . Окуучу баланы саат 2():()() дон кийин көчөгө чыгарбаныздар .

Жүрүм —турумун көзөмөл кылып турунуздар . Жашы жете элек балдар арасында кылмыштуулуктун алдын алуу , аны болтурбоо, ага каршы күрөшүү бул бир гана мектеп , билим берүү мекеме же укук коргоо органдарынын гана милдети эмес. Бул баарыбыздын милдетибиз. Жаш өспүрүмдөрдүн тарбиясына өзгөчө маани берип, анын келечете кылмыш жолуна түшпөй, сапатгуу билим алуусуна шарт түзүп берүүбүз зарыл. Балдар биздин келечегибиз, алардын тарбиясына , келечегине баарыбыз жоопкерчиликтүүбүз. Ар бириңиздерди мектеп менен бирге биримдикте иштөөгө чакырамын.

Тарбия иштери боюнча директордун орун басары Абдулгазиева О.С:

-Урматтуу ата-энелер окуу жылынын башталышында окуу куралдары жана окуу формасы менен ата-энелер тарабынан 90% камсыз болушту, ал эми аз камсыз болгон үй бүлөнүн балдарына мектеп тарабынан форма окуу куралдары алып берилди. Окуудагы жетишүү боюнча айта турган болсом, начар . Себеби жайы менен баланын окуусуна ата-эне көзөмөл кылган эмес.Бала китеп окуп, сабакка отурган эмес. Стандарттык текшерүү иши, жат жазуусу өтө начар . Эми урматтуу ата-энелер балдардын окуусуна көзөмөл кылыныздар. Балдар биздин келечегибиз дейбиз. Мына ушулардын жаркын келечегин биз түзүп беребиз.

**Жогорудагылардын негизинде чогулуш токтом кылат:**

**1.**Окуучулардын сабактарга катышуусун көзомөлдөө жагы ата-энелерге милдеттендирилсин.

**2.**Ар түрдүү кылмыштардын алдын алуу боюнча иш-чараларды күчөтүү ИДН кызматкери Сатиев Т, тарбиялык иштер боюнча директордун орун басары Абдулгазиевага жүктөтүлсүн.

Мектеп директору: Маннапова У.О

Катчы: Суюнбаева К.

Жалал-Абад шаарындагы №22 жалпы негизги билим берүүчү мектебинин ата-энелер менен өткөрүлгөн онлайн чогулушунун протоколу

20.05.2019

Катышты:
класс жетекчилер
ата-энелер

Каралуучу маселе:

1. Мектептин техникалык коопсуздугун сактоо, өзгөчө кырдаалга даярдыгы жана антитеррордук жактан корголушу жөнүндө

Угулду: Мектеп директору Мамырасулова А.Д

Урматтуу ата-энелер учурда дүйнөдөгү жана Азия регионундагы террористтик актылардын күчөп жана глобалдашып жаткандагынан, келген буйруктардын негизинде мектебибизди антитеррордук жактан корголушу боюнча биз натыйжалуу иш-чараларды уюштурушубуз керек, ошондой эле алардын өзгөчө кырдаалдарга даяр болушу жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 12-февралындагы №56 "Стратегиялык объектилердин иштөө жана эксплуатациялоо режимине карата талаптарды бекитүү жөнүндө" токтомуна ылайык диний экстремизмге, терроризмге каршы күрөшүүгө жана стратегиялык объектилерди антитеррордук коргоо боюнча чараларды күчөтүүгө багытталган иш-чараларды түзүп анын негизинде иштер алып барылууда.
Мектептин участкалык милициясы менен биргеликте мектептин айланасында диний экстремизмдин жана терроризмдин көрүнүштөрүн алдын алуу түшүндүрүү иштерин сиздер менен биргеликте алып барсак жакшы болот деп эсептеймин.. Ооруну жашырсаң өлүм ашкерелейт ошондуктан баардык нерсеге даяр туруубуз керек. Дүйнө жүзүндө ар кандай кырдаалдар болуп жатат, басып алуулар, кол салуулар, өрт кырсыктары, жер титирөө жана башка.

Мигрант ата -энелер менен класс жетекчилер, тыгыз байланышта болуп түшүндүрүү иштерин жакындан жеткиришти. Офлайын сабак баштаалары менен график боюнча мөөнөтчүлөр коюлуп, "Сырттан келген адам кирүүгө тыюу салынат" деген жазуулары илинип нөмөтчүү мугалимдер өз ишин алып барышууда. Ата-энелер тириликтин артынан алыскы жерлерге жумуш издеп кетип атышат балдарыбыз тууган уруктарды,чоң ата,чоң энелердин колдорунда калып кетишип атат ошондуктан мигрант ата-энелердин балдарын жакшылап тактап толук иш алып барганга аракет кылып атабыз. Зордук-зомбулуктун алдын алууда жаш өспүрүмдөр менен иштөөдө сиздердин салымыңыздар чоң. Өспүрүмдөр менен иштөөдө күн түн алардын кабардар болуп коопсуздугун мектептин участкалык милициясы Т.Сатыев менен тарбия завучу жана соц педогог О.Абдулгазиева тыгыз байланышта болуп биргеликте иш алып барышууда. Коронавирус илдети канчалаган адамдарды улуу инсандарды бул дүйнөдөн алып кетүүдө. Ошондуктан илдеттин алдын алуу максатында мугалимдер күчөтүлгөн тартипте иш алып барышууда. Кыздар-балдар

арасында кучакташып көрүшпөө,өбүшүп учурашпоо, колду самын менен жууп туруу сыяктуу эрежелерди сактап келүүсү зарыл. Мектепте ар жуманын экинчи күнү тарбиялык сааттар онлайн түрүндө өткөрүлүп “Жолдо жүрсөң сак бол, эрежеге так бол!”, “ COVID-19 илдетине жол бербейбиз”, “Өрт коопсуздугунун алдын алуу”, “Кырсыктан алыс бол!”, “Бирөөгө акаарат келтирбе”- деген темаларда тарбиялык сааттар жана билим берүү тарабынан келген буйруктун негизиндеги дагы тарбиялык саттарды өтүп окуучуларга түшүндүрүү иштерин үзгүлтүксүз жүргүзүп турушууда.

Сөзгө окуу бөлүмүнүн башчысы С.С.Канатова чыгып,ал өз сөзүндө жогорудагы А.Д.Мамырасулованын айткан сөзүн толук колдоорун билдирди. Учурда окуучулар онлайн билим алып жатышат.Сиздерден сурана турган нерсе балдарды үйдө онлайн учурундагы сабактарына көнүл буруңуздар. Ар бир сабактарга активдүү катышышсын. Карантин учурунда көчөлөргө чыгышпасын, үйдө алдыңарда болушсун.

## Т О К Т О М

1. Мектепте техникалык коопсуздукту сактоо жана иш алып баруу күчөтүлсүн.
2. Окуучулардын жана окутуучулар курамына өрткө, жер титирөөгө, диний экстремизимге, терроризмге каршы жана антитеррордук жактан коргонуу боюнча профилактикалык иштер жүргүзүлсүн.
3. Окуучулардын онлайн сабактарга катышуусуна көмөк көрсөтүү ата-энелерге жүктөтүлсүн.

Мектеп директору: А.Д.Мамырасулова
Катчы: М.Мурзакулова

Жалал-Абадский городской
отдел образования
общеобразовательная
школа № 22 г. Жалал-Абад
ИНН 00702200510066
«30» 09 2019
№ 62

**Жалал-Абад шаарындагы №22 жалпы негизги билим берүүчү мектебинин 2019-2020-окуу жылында 5-6-7-9-класстардын окуучуларынын ата-энелери менен өткөрүлгөн чогулуштун**

Протокол №1

24-сентябрь 2019-жыл Жалал-Абад шаары

Катышкандар:
Ата эне-46
Мектеп администрациясы-3
Класс жетекчилер-4
ИДН кызматкери Сатиев Т С

Күн тартибинде каралуучу маселе:

1. Жашы жете элек өспүрүмдөр арасында кылмыштуулукту болтурбоо, укук бузуулардын алдын алуу,бөгөт коюу, КРнын укук бузуулардын алдын алуу, окуучулардын ден соолугуна, психикалык, руханий жана адептик өнүгүүсүнө зыян келтирүүнүн алдын алуу жөнүндө.
2. “Мектеп телифонсуз зона”
3. Ар түрдүү маселе.

Угулду: Мектептин директору Мамырасулова А.Д бүгщнкщ чогулушда каралуучу маселелер менен ата-энелерди жана катышуучуларга таныштырды.

ИДН кызматкери Сатиев Тынарбек биринчи маселе боюнча төмөнкүүлөргө токтолду.Азыркы учурдагы эң көйгөйлүү маселе бул ата-энелер балдарын өздөрүнүн жакын туугандарына калтырып башка, чет мамлекетке иштегени кетип калып жатышат башкача айтканда миграция күчөп турган мезгил.Биринчиден бала ата-энеге керек ошондуктан баласын күндө көзөмөлдөп туруусу зарыл.Баласынын кылмышкер болуп кетпеши үчүн ар түрдүү жаман нерселерден коргоосу жана түшүндүрүүсү керек.Ата-эне баласы менен бирин-бири түшүнүүсү зарыл. Кылмыштуулук жаш өспүрүмдөр арасында өтө көбөйдү. Кылмыштуулукту болтурбоо, бөгөт коюу максатында мектептерде жыл бою иш чаралар уюштурулат.Бирок ата-эне тарабынан дагы көбүрөөк көзөмөл болусу зарыл анткени бала түшкө чейин гана мектепте болот калган убакытта сиздердин көзөмөлүнөрдө болот.Балаңар каерге кетип атат,ким менен жүрөт

достору ким канда адамдар менен байланышта болотургандыгын билүүнөр зарыл. Кээ бир ата энелер үйдө отурасыңар дагы мечитке кетти намаз окууганы деп ойлойсуңар,бирок балдарыңар мечитке деп башка нерселер менен алек болуп калышат.Ар түрдүү кылмыштарга аралашып калбастыгы үчүн көзөмөлдү күчөткүлө.Баланын сабактарына жетишүүсү, катышуусу, курсагы ачбы же токбу, же болбосом эмне проблемасы бар экенин сурап койбогон ата-энелер бар.Мектептен үйгө баргандан кийин балдарыныардан эмне сабак болду кандай баа алдын деп сурагыла күндөлүгүн текшкргиле сабак жадыбалдарына ылайык эртенки күнгү сабактарына даярданышын эскерткиле анткени ал деген балада эсинен чыгып калышы мүмкүн.Бирок,мен бул мектепте ушул күнгө чейин бир дагы оор кылмыш жасаган жэ болбосо ар түрдүү кылмыштарга аралашкан болдарды көргөн жокмун бирок,ошого карабастан ар дайым көзөмөлдү сиздер деле мугалимдер деле күчөтө бериш керек ошондо гана үй бүлөдө жана мектепте тынчлык болот.Урматтуу ата-энелер балдарынарды кечки саат $9^{00}$ дон кейин көчөдө жүргөн жашы жете элек жаш өспүрүмдөр ИДН кызматкерлери тарабынан өткөрүлүп жаткан рейиддерде катоого түшүп калбасын.Ошол нерсеге дагы коңүл буралы.

Сатиев Тынарбектин сөзүнө кошулуп 9-класстын ата-энеси Марипова Махфуза эже төмөнкүлөрдү айтты.Урматтуу ата-энелер биздин балдарыбыз үчүн  мугалимдер жана ИДН кызматкерлери тменен биргеликте ттүшүндүрүү иштерин жүргүзүү менен биреликте билим тарбия берүүдө.Ошондуктан биз баардыгыбыз балдарыбызды көзөмөлгө алышыбыз керек.Азыркы заманда көрүп туурабыз баардыгыбыз алкогол ичкендерди,тамеки чекендерди жана насвай чеккен балдарды кудай сактасын,азыр балдарыбыздын боюга жеткен маалы аларды каттуу кармайлы.Кечинде саат $9^{00}$ дон кийин көчөлөргө чыгарбагыла.Биз ата-энелер  класс жетекчилер менен тыгыз иш алып барсак баардыгы жакшы болот деп ойлоймун деп сөзүн аяктады.

Экинчи маселе боюнча мектептин тарбиялик иштер боюнча директордун орун басары Абдулгазиева О С төмөнкүлөргө токтолду.Баардыгыбыз билебиз телефонду пайдалуу  жолдору коп.Билимин өркүндөтүү, сабакта колдонуу, кругозорун ашыруу

учун эки сааттан жогору болбошу керек. Бирок телефонду зыяны өтө көп. Эгер бала оюнга берилип кетсе ал наркотик сыяктуу аныы башкарат. Андан тышкары  порнография баланын көзүн жаман нерселерге тартат жана анын акылын бузат. Азыркы учурда телефонду көп колдонуу  коркунучтуу ооруларга алып келиши медицинада тастыкталып жатат. Ата-энелер баардыгыңыздар балдарыңыздарды  классташтарынан кем болбоосу үчүн кымбат телефондорду сатып берип, өзүбүз ата-энелер кылмышка жол ачып берип жатабыз.Ал кымбат телефондо ар кандай соц.тармактарда кирип эмнелерди көрүп, эмнелерди мээсине жазып алып жатканын биз билбейбиз.Ошол телефонду өзүбүз сатып берип, өзүбүздүн балдарыбызга  душман болуп жатабыз.Ата-энелер мигрант болуп кетип балдары чындыгында каралбай калып жатат.Ошондуктан Урматтуу ата-энелер балдарыбыздын  келечегин ойлойлу.Мектепге кымбат баалуу телефондоду көтөрүп келишип сабактары эсинен чыгып калышат дагы ар түрдү саиттерге кирип ал жерден керексиз эле нерселерди көрүшөт бул көрүнүш жакшы эмес деп ойлоймун. Бала телефонду колдонуп жатканда  аларды көзөмөлгө  алуу керек . Балдар телефондон пайдалуу нерсени гана алууну үйрөнүшү зарыл.

Жогорудагыларды угуп жана талкуулап чогулуштан

токтом кылат

1.Кылмыштуулуктун алдын алуу жана ага богот коюу боюнча профилактикалык иштерди жүргүзүү жагы ИДНдин кызматкери Т.С.Сатиев жана класс жетекчилерге милдеттендирилсин.

2. Балдардын сабактан кийингки мезгилинде көзөмөл жүргүзүүү ата-энелерге милдеттендирилсин.

2. “Мектеп телефонсуз зона”деген аталышындагы акция дайыма жүргүзүлсүн.

3.Жуманын 3-күнү “Кылмыштуулуктун алдын алуужана ага бөгөт коюу”күнү деп белгиленсин.

4.Жогорудагыларды аткарылышын көзөмөлдөнү тарбия иштери боюнча директордун орун басары О.С.Абдулгазиевага жүктөтүлсүн

Төрайым ________________ Абдулгазиева.О.С

Катчы: ________________ Мирзаходжаева М.А

Протокол №1

Жалал-Абад шаарындагы №22 жалпы негизги билим берүүчү мектебинин мектеп жамааты жана ата-энелер чогулушу

13.05.2020-жыл.

Башталышы-15:00

Бүтүшү-17:00

Катышты: Мугалимдер -12.

5-6-7-8-9-класстын ата-энелери-40.

Чакырылгандар: 1 ЖИИнин участкалык инспектору, милициянын капитаны.Сатиев Т

Күн тартибиндеги каралуучу маселелер:

1. Миграциянын, зордук-зомбулуктун, суициддин, укук бузуулардын, кылмыштуулуктун алдын алуу жана болтурбоо жөнүндө.

Биринчи маселе боюнча мектеп директору Мамырасулова Арал Дөөлөтбаевна сөз сүйлөп,төмөнкүүлөргө токтолду:Урматтуу ата-энелер акыркы күндө мектеп окуучулары арасында укук бузуулардын, миграциянын, зордук-зомбулуктун, суициддин, укук бузуулардын, кылмыштуулуктун алдын алуу жана болтурбоо максатында шартка жараша ар кандай иш чаралар өткөрүлүп жаткандыгын айтып, мектепте билим алуу менен биргеликте бекем тартип болуусун айтып өттү. Биз ушундай чогулуштарды жана жолугушууларды байма-бай өткөрүп турсак жакшы натыйжа болооруна шек жок. Андыктан урматуу ата-энелер, мектеп менен тыгыз байланышта болуп, балдарга келечекте эл-жерин коргонун эр азамат. Өлкөбүздүн өсүп-өнүгүшүнө зор салым кошкон уул-кыздарды тарбиялоого жардамыныздарды аябайсыздар деген умүттөбүз деп сөзүн жыйынтыктады.

Сөзгө чыкты:Тарбия иштери боюнча директордун орун басары Соц.педагог Абдулгазиева О.С.Урматтуу ата-энелер мугалимдер биз мектеп окуучулары арасында кылмыштуулуктун,суициддин,зордук-зомбулуктун алдын алуу максатында жуманын ар дүйшөмбү күндөрү мектептин ИДН кызматкерлери менен биргеликте чогулуштар өткөрүп түшүндүрүү иштерин жүргүзгөнгө аракет кылабыз. Бирок биздин окуучулардын арасында ар түрдүү кылмыштарга барган тартип бузган окуучулар жок. Мектеп ичинде балдар үчүн “111” ишеним телефондору илинген бул боюнча окуучуларга толук маалыматтар жеткерилген

Сөзгө чыкты ИДН кызматкери Сатиев Тынарбек төмөндөгүлөргө токтолду.Зордук-зомбулуктун курмандыгы болуп көпчүлүк учурда үй-бүлө мүчөлөрүнүн корголбогон мүчөлөрү,аял,жаш бала,карыялар,инвалиддер болот.Үй-бүлөдө зордук-зомбулуктан жабыркагандардын 65-70% аялдар жана жаш балдар түзөт. Официалду эмес булактардан алынган сайттардан маалыматтарга караганда Кыргызстанда ар бир төртүнчү үй-бүлөдө

балдарга карата зордук-зомбулуктун катышы бар
Балдарга карата зордук-зомбулук бул ата-эне тарабынан баланы өз убагында камкордукка албагандыгы баланы өсүп- өнүгүшүнө ден соолугуна зыян алып келиши мүмкүн. Ошондуктан урматтуу ата-энелер келгиле баарыбыз биригип балдарыбыздын келечегине алардын өсүп-өнүгүүнө бирге аракет кылалы, ошондо гана биздин балдарыбыз арасында эч кандай кылмыштар катталбайт - деп сөзүн жыйынтыктады.

Чечим:

.Жогорудагыларды угуп жана талкуулап,мектеп кеңеш мектеп ата-энелер чогулушу төмөндөгүчө чечим кабыл алды:

1. Миграциянын зордук-зомбулуктун,суициддин,укук бузуулардын алдын алуу боюнча иш-чаралар улантылып алардын таасирдүүлүгүнө өзгөчө көңүл бурулсун.
2. Мектеп администрациясына ЖЖӨИ нин иниспектору ата-энелер жана окуучулар менен бирдиктүү иш алып баруу, көзөмөлдөө жагы милдеттендирилсин.

Кеңештин төрайымы: Мамырасулова А.
Катчы: Абдулгазиева О.С

2020-2021-окуу жылынын Жалал-Абадшаарындагы №22 негизги мектебинин жалпы ата-энелердин арасында “укук бузууларды , кылмыштуулукту болтурбоонун алдын алуу”

# Протокол №9

Жалал-абад шаары 15.10.2020ж

**катышкандар:**

Админстрация-4

Ата -энелер-40

Мугалимдер -13

Күн тартибинде каралуучу маселелер

1. Кылмыштулукту алдын алуу максатында жашы жете элек өспүрүмдөрдүн коопсуздугу боюнча 21.05.2015 жылы кабыл алынган “Кыргыз Республикасында балдардын ден соолугуна дене бой интеллектуалдык руханий жана адептин өнүгүүсүнүн алдын алуу боюнча чаралар жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын №185 мыйзамдарын таныштыруу жөнүндө.

Угулду : Мектеп директору А.Д Мамырасулова сөзгө чыгып келген ата-энелерге, мугалимдерге чогулушта каралуучу маселе менен тааныштырды .

Күн тартибиндеги маселе боюнча тарбия ишетери боюнча директордун орун басары Абдулгазиева О төмөнкүлөргө токтолду: Канткенде жашы жете электер арасында укук бузууларга жана кылмыштуулуктун алдын ала алабыз? Кол телефондордун мектепке көтөрүп келбөөсүн эскертти жана интернет булактарындагы жаман, терс көрүнүштөгү нерселерди көрбөгө ата-энелерге эскертти.

Кылмыштуулуктун алдын алуу максатында жашы жете элек өмпүрүмдөрдүн коопсуздугу боюнча 21.05.2015-жылы кабыл алынган.

«Кыпгыз Республикасында балдардын ден соолугуна, дене бой, интелектуалдык, руханий жана адептин өнүгүүсүнүн алдын алуу боюнча чаралар жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын №185 мыйзамдарын түшүндүрүлдү.

Саат кечки 18$^{00}$дөн кийин балдар ата-энеси менен жүрүүгө болот. Кечинде Азыркы учурда жаш өспүрүм кыздар арасында болуп жаткан жат көрүнүштөр жана ошондой эле балдар арсында да көптөгөн терс фактылар болуп жатканы баарыбызга маалым.

Кылмыштуулуктун алдын алуу, суициддик көрүнүштөрдү болтурбоо, балдардын жүрүм-турумy, алар эмне менен алектенип жүрүшкөнүн көзөмөлдөп балдарды бош убактыларын ийримдерге, спорттук иштерге жөнөтүүгө үндөшүбүз керек экендигин айтып өттү.

«Балдардын ишеним телефону» борборунун ишинин алкагында балдар арасында суициддик аракеттерди алдын алуу жана болтурбоо максатында мектептерде «111» инеим номери илинген.

Квартал сайын мектептерде ар бир окуучунун үй-бүлөсү менен таанышып, «Үймө –үй анкеталоо» окуучулардын ата-энелерине түшүндүрүү иштери жүргүзүлүүдө.

Өспүрүмдөрдүн өткөөл мезгилиндеги психологиялык өзгөчөлүктөрүнө, маанайынын тез өзгөрүп кетишине байланыштуу аны менен тил табышуу кыйынга турат. Чукул мезгилдин ичинде баланын кыялы тескерисинче өзгөрүп кетиши мүмкүн. Жүрүм-турумунун туура эмес болусууна түрткү болуусу ыктымал. Авторитардык үй-бүлөдө чоңойгон бала курбуларына катаал мамиле кылат, улууну сыйлабайт, өзүнүн эркиндигин даназалап, коомдук жайларда өзүн алып жүрүү эрежесин бузат. Ошол эле убакта билимдүү тарбиясы жакшы үй-бүлөдө чоңойгон өспүрүм адамдарга мамиле кылганды билим, ачык айрым жүрүм-турумy жакшы болот.

Жогорудагы маселени угуп жана талкуулап төмөндөгүдөй токтом кылат.

Токтом:

1. Кылмыштуулуктун алдын алуу максатында жашы жете элек өспүрүмдөрдүн коопсуздугу боюнча 21.05.2015-жылы кабыл алынган «Кыргыз Республикасында балдардын ден соолугуна, дене бой, интелектуалдык, руханий жана адептин өнүгүүсүнүн алдын алуу боюнча чаралар жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын № 185 мыйзамдарын тааныштырылды деп эске алынсын.

2. Жаш өспүрүмдөрдүн арасында кылмыштуулукту болтурбоо жана катталып жаткан мыйзам бузуулардын алдын алуу максатында окуучуларга жетиштүү денгээлде профилактикалык иштерди жүргүзүү класс жетекчилер жана ИДН кызматкерлери тарабынан күчөтүлсүн.
3. Жашы жете элек өспүрүмдөрдүн арасындагы укук бузуулардын жана тиешелүү болгон мыйзамдарды аткаруу, мыйзам бузууга жол берөө жагы балдарды көзөмөлдөп туруу жалпы ата-энелерге тапшырылсын.
4. Жогрудагы иш-аракеттер, тарбиялык сааттарды өтүү, ата-энелер менен тыгыз иш алып баруу администрацияга класс жетекчилерге жүктөлсүн.
5. Жогорудагы кылмыштуулуктун алдын алуу максатында жашы жете элек өспүрүмдөрдүн коопсуздугу боюнча 21.05.2015-жылы кабыл алынган «Кыргыз Республикасынын балдардын ден соолугуна, дене бой, интелектуалдык, руханий жана адептин өнүгүүсүнүн алдын алуу боюнча чаралар жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын № 185 мыйзамдарын аткаруу менен жашы жете электердин укутарын, эркиндиктерин, өмүрүн жана саламаттыгын коргоо коопсуздугун камсыздоо ата-энелерге, класс жетекчилерге милдеттендирилсин.

Чогулуштун төрайымы: Мамырасулова А.Д.

Катчысы: Усманова Д.Т.

Жалал-Абад шаарындагы №22 жалпы негизги билим берүүчү мектебинде өткөрүлгөн ата-энелер жыйналышынын

# Протоколу

Өткөрүлгөн датасы:10.05.2021

Катышты: Баардык класстардын ата-энелер комитеттери жана 4-9-класстын жалпы ата-энелери

КАРАЛУУЧУ МАСЕЛЕ:

1. Билим берүу министринин жана шаардык билим берүү бөлүмүнүн башчысынын мыйзамсыз акча чогултпоо жөнүндөгү буйруктары менен тааныштыру

СӨЗГӨ ЧЫКТЫ :

1. Мектеп директору -Мамырасулова А.Д
   Директор өз сөзүндө КР билим берүү жана илим минстрлигинин
   2019-жылдын 30-сентябрындагы №1144\1, Жалал-Абад ШБББнын
   2019-жылдын 3-октябрындагы №117\1, буйруктарында жалпы билим берүү мекемелерде окуучулардын социалдык укуктарын коргоону күчөтүү,мыйзамсыз акча чогултууга жол бербөө жана мектептин админстрациясынын жана мугалимдер жамаатынын ата-энелер комитеттеринин каржы маселелерине кийлигишүүсүнө тыюу салынгандыгы жөнүндө тааныштырды.
2. Ата-энелер комитетинин төрагасы-Саидкасимова Х.
   Торага өз сөзүндө Кыргызыстандын азыркы экономикалык оор шартында мектеп ата-энелердин колдоосуна өтө муктаж экенине кеңири токтолду. Анткени,мен балдарым ушул мектепте окугандыктан 5-6 жылдан бери педогогикалык жамаат менен тыгыз байланышта болуп, мектептин көйгөйлөрүн бирге чечүүгө дайыма аралашып келе жатам.Мектептин ата-энелер фондунун эсебинен (Жылына 500 сом өлчөмүндө) көптөгө көйгөйлөрдү чесип берүүгө жетиштик .Быйылкы окуу жылынын башында өткөрүлгөн жалпы ата-энелер чогулушунда да жылдагыдай эле өлчөмдө чогултууга

чечим кабыл алынган. Эми минстирлик тарабынан чыгарылган буйрук менен таанышкан соң,демек,аны аткарууга туура келет,Сөзүмдүн башында айткандай эле, мектеп дайыма биздин жардамга муктаж экендиигин эстен чыгарбайлы.Кимдир дарамети жетишсе,колдон келген жардамды берүүгө аянбайлы деп чыкырып кетем.

3. 9-класстын ата-энелер комитетинин төрайымы-Халходжаева. Мектептер балдар окугандыктан тез-тез аркандай ондоп-түзөтүгө муктаждыктар болуп турарын билебиз.3-4 баласы бар ар бир үй бүлөөдө эле канчалаган бузууларболуп турат.Ал эми бул мектепте-155 дон ашык окуучу окуп билим алганын баарыбыз билебиз.Жана канча муктаждык болоорун да элестетип көрөлү. Балдарыбыздын жакшы шартта билим алуусун ар бир ата-эне каалаcа керек деп ойлойм.

ЖЫЙНАЛЫШ ТӨМӨНКҮДӨЙ ЧЕЧИМ КАБЫЛ АЛДЫ

1. Мектеп админстрациясы жана мугалимде окуучулардан алардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнөн) мыйзамсыз акча чогултууларды жүргүзүүгө катышпасын.
2. Зарыл болгон учурларда мектепке жардам берүү жагы ата-энелердин өздөрүнө жана комитеттерге тапшырылсын.

Ата-энелер комитетинин төрайымы Халходжаева Ш

Катчы Абдулгазиева О.С

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ
ЖАЛАЛ-АБАД ШААРЫНДАГЫ
№22 ЖАЛПЫ НЕГИЗГИ БИЛИМ
БЕРҮҮЧҮ МЕКТЕБИ
ИНН 00702200510066
КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
ОСНОВНАЯ ОБЩЕОБРАЗОВАТЕЛЬНАЯ
ШКОЛА №22 ГОРОДА ЖАЛАЛ-АБАД
«__» ________ 20__ г.
№______

Протокол №1

Жалал-Абад шаарындагы №22 жалпы негизги билим берүүчү мектебинин мектеп жамааты жана ата-энелер чогулушу

30.10.2021-жыл.

Башталышы-16:00

Бүтүшү-17:00

Катышты:

Мугалимдер -12.

5-6-7-8-9-класстын ата-энелери-40.

Чакырылгандар: 1. ЖИИнин участкалык инспектору, милициянын капитаны.Сатиев Т

Күн тартибиндеги каралуучу маселелер:

1. Миграциянын, зордук-зомбулуктун, суициддин, укук бузуулардын, кылмыштуулуктун алдын алуу жана болтурбоо жөнүндө.
2. Ата-энелерге Кыргыз Республикасынын Президентинин "Инсандын руханий- адеп –ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө" жарлыгы менен кайра тааныштырып түшүндү иштерин улантуу жөнүндө.

Биринчи маселе боюнча мектеп директору Мамырасулова А.Д

Ал өз сөзүндө акыркы күндө мектеп окуучулары арасында укук бузуулардын, миграциянын, зордук-зомбулуктун, суициддин, укук бузуулардын, кылмыштуулуктун алдын алуу жана болтурбоо максатында шартка жараша ар кандай иш чаралар өткөрүлүп жаткандыгын айтып, мектепте билим алуу менен биргеликте бекем тартип болуусун айтйп өттү. Биз ушундай чогулуштарды жана жолугушууларды байма-бай өткөрүп турсак жакшы натыйжа болооруна шек жок. Андыктан урматуу ата-энелер, мектеп менен тыгыз байланышта болуп, балдарга келечекте эл жерин коргонун эр азамат. Өлкөбүздүн өсүп-өнүгүшүнө зор салым кошкон уул-кыздарды тарбиялоого жардамыныздарды аябайсыздар деген умүттөбүз деп сөзүн жыйынтыктады.

Сөзгө чыкты:Тарбия иштери боюнча директордун орун басары Соц.педагог Абдулгазиева О.С.Урматтуу ата-энелер мугалимдер биз мектеп окуучулары арасында кылмыштуулуктун,суициддин,зордук зомбулуктун алдын алуу максатында жуманын ар дүйшөнбү кундөрү мектептин ИДН кызматкерлери менен биргеликте чогулуштар өткөрүп түшүндүрүү иштерин жүргүзгөнгө аракет кылабыз. Бирок биздин окуучулардын арасында ар түрдүү кылмыштарга барган тартип бузган окуучлар жок. Мектеп ичинде балдар үчүн "111" ишеним телефондору илинген бул боюнча окуучуларга толук маалыматтар жеткерилген

Сөзгө чыкты ИДН кызматкери Сатиев Тынарбек төмөндөгүлөргө токтолду.Зордук зомбулуктун курмандыгы болуп көпчүлүк учурда үй-бүлө

мүчөлөрүнүн корголбогон мүчөлөрү,аял,жаш бала,карыялар,инвалиддер болот.Үй-бүлөдө зордук-зомбулуктан жабыркагандардын 65-70% аялдар жана жаш балдар түзөт.Официалду эмес булактардан алынган сайттерден алынган маалыматтарга караганда Кыргызыстанда ар бир төртүну үй-бүлөдө балдарга карата зордук-зомбулуктун катышы бар
Балдарга карата зордук-зомбулук бул ата-эне тарабынан баланы өз убагында камкордукка албагандыгы баланы өсүп өнүгүшүнө ден соолугуна зыян алып келиши мүмкүн ошондуктан урматтуу ата-энелер келгиле баарыбыз биригип балдарыбыздын келечегине алардын өсүп өнүгүүнө бирге аракет кылалы, ошондо гана биздин балдарыбыз арасында эч канда кылмыштар катталбайт деп сөзүн жыйындыктады.

Экинчи маселе боюнча :

Кыргыз Республикасынын Президентинин “инсандын руханий аден ахлак өнүгүсү жана дене тарбиясы жөнүндө”жарлыктын алкагында мектептеги 2020-2021-2022-окуу жылдары үчүн мектептин атайын иш-планы түзүлүп анын негизинде иштер алынып барылып жаткандыгын айтып өттү.Улуттук тарбиянын негизги булактары болгон Ата-Мекен,туулган жер,эне тил,үй-бүлө мамлекеттик символдор салттуу диндер багыты боюнча линейкалар,тарбиялык сааттар откөрүлүп,ата-энелер менен тыгыз иш алып барып жаткандыгына токтолуп өттү.

Жогорудагыларды угуп жана талкулап,мектеп кеңеш мектеп ата-энелер чогулушу төмөндөгүчө чечим кабыл алды.

1Миграциянын зордук-зомбулуктун,суициддин,укук бузуулардын алдын алуу боюнча иш-чаралар улантылып алардын таасирдүүлүгүнө өзгөчө көңүл бурулсун.

2 Мектеп администрациячына ЖЖӨИ нин иниспектору ата-энелер жана окуучулар менен бирдиктүү иш алып баруу жагынг көзөмөлдө жагы милдеттендирилсин.

3Ата-энелер Кыргыз Республикасынын Президентинин “инсандын руханий аден ахлак өнүгүсү жана дене тарбиясы жөнүндө”жарлыктын алкагында мектептеги иш-пландардын аткарылышын колго тарбия иштери боюнча директор орун басары О.С.Абдулгазиевага милдеттендирилсин.

Кеңештин төрайымы: Мамырасулова А.Д

**Жалал-Абад шаарындагы №22 жалпы негизги билим берүүчү мектебинде 2022-жылдын 16-май күнү жалпы ата-энелердин арасында "Кылмыштуулуктун, зордук-зомбулуктун, кокустук окуялардын, эрте никеге туруунун алдын алуу" максатында өткөрүлгөн жыйналыштын**

# № 5 ПРОТОКОЛУ

**Өткөрүлгөн орду:** Жалал-Абад шаары
№22 жалпы негизги билим
берүүчү мектеби
16-май 2022-жыл
Ата-энелердин саны : 95
Убакыты: саат 16-00

**Кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча биргелешкен тобу:**

Чогулушка катышкандар:

1. Жалал-Абад ШБББнүн башкы адиси Маданова Айнура Мамытовна
2. Жалал-Абад шаарынын социалдык өнүктүрүү башкармалыгынын үй-бүлөнү жана балдарды коргоо бөлүмүнүн башкы адиси Адылбекова А. А .
3. Жалал-Абад шаарынын социалдык өнүктүрүү башкармалыгынын үй-бүлөнү жана балдарды коргоо бөлүмүнүн кызматкери Качкынбаева А.
4. ШИИБдин ЖЖӨИ нин инспектору Кыдырова.С
5. Участковой Токтобаев.Б
5. №22 жалпы негизги билим берүүчү мектебинин директору Сыдыков Алмазбек Жаанбаевич

## Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1. "Укук бузуулардын, кылмыштуулуктун алдын алуу, өз өмүрүнө кол салуунун жана зордук-зомбулуктун алдын алуу, эрте никеге туруунун алдын алуу" жөнүндө;

**Угулду:** Мектептин директору Сыдыков Алмазбек Жаанбаевич бүгүнкү жыйналышты ачып жолугушуунун максаты, күн тартибинде каралуучу маселе менен тааныштырды.

Угулду: Жалал-Абад шаардык эмгек жана социалдык өнүктүрүү башкармалыгынын үй-бүлөнү балдарды коргоо бөлүмүнүн башчысы Адылбекова А.А.

Үй-бүлөдөгү ата-эненин ,балдардын милдеттери жана мамлекет тарабынан көрсөтүлүүчү колдоолор жана үй -бүлөлүк зордук –зомбулук жөнүндө баштады. Мектепте ар убакта балдардын сабактан кийинки убактылары бош калбоосу үчүн, мектеп ичинде жана башка жерлерде атайын ийримдер уюштурулуп, окуучулар класс жетекчилер тарабынан чакырылып турулат жана тарбиялык сабактар өтүлүп жатат. Жашы жете элек жаш өспүрүмдөр арасында эрте никеге туруу боюнча ата-энелерге түшүндүрмө берип өттү. Ушундай иш чаралардын өткөрүлүп жатканына карабастан, айрым өспүрүмдөр уурулук, тартип бузуучулук, аймак-аймак болуп урушууга барып жатышат. ЖЖӨИнин инспекторлору менен биргеликте жолугушуулар өтүлүп жатат. Ошондуктан урматтуу ата-энелер балдар кодексинде жазылгандай баланын бул дүйнөгө алып келген соң, 18-жашка чейин аларды карап , камсыздап, камкордук көрүүгө жана туура тарбия берүүгө милдеттүүсүңөр. Бирок биз милдетибизди так аткарбай жатабыз, мен баардыгыныздарды мугалмдер менен брге иштешгенге аларга жардам бергенге чакырамын. Кээ бир ата-эне өзүнүн милдети аткарылбайт дагы башкалардан милдеттерди талап кылабыз. Мына ушуларды ата-энелерге жеткирели деп силерди чакырып айтып атабыз. Балдарга эненин мээрими жетишпей жатат. Кыздарга мектепте кыздар кеңештери өткөрүлүп, келе жатат. Сиздер дагы кыздарыңыздарга туура тарбия бериңиздер. Балдардын арасындагы кылмыштарды айтып отурсак эсиңер ойт. Айта кетсек, кээ бир балдар клей жыттап, электрондук тамеки тартып, дары ичип, бүтө элек көп кабаттуу үйлөргө өз өмүрлөрүн кыйып жатышат. Өзүбүздүн балдарыбызды таштап, түнкү рейддерге чыгып жатабыз. Бирок ошого карабастан терс көрүнүштөргө жол берип, кылмыш ишин жасап, балдар кофелерде иштеп, өз келечегине балта чаппоого аракет кылып туура тарбия алууга үндөп кетээр элем. Зордук- зомбулукка кабылып жатат. Мисалга алсак: кечинде жумуштан чыкканда бир күнү таксиде баратса, жолдо токтотуп зордуктап коюптур. Ошентип тагдыры талкаланып жатат. Балдарыбызга беш он сом таптырабыз деп, ушундай иштерге дуушар кылып атабыз. Замандын агымы менен ар бир балада телефон болуп жатат. Телефондун кесепетинен балдардын өз өмүрүнө кол салып жатат. 18-жашка чейин аларды карап, камсыздап, камкордук көрүүгө жана туура тарбия берүүгө милдеттүүсүңөр.

Эгерде колунда жок үй-бүлөлөр болсо бизге кайрылып, балага өкмөт тарабынан бериле турган туулгандыгы боюнча күбөлүк алып бергенге жардам беребиз. Кээ бир ата-энелер жашоого кайдыгер караган болсо, акчасы жок болсо, паспорту жок болсо, айтыңыздар биз ал үй-бүлөлөргө жөн гана жардам беребиз. Жыл сайын ошондой үй-бүлөлөргө жардам берип келе жатабыз. Өкмөт ал үй-бүлөлөргө бекер жардам берет. Келечектин адамдары үчүн көп аракеттер жасалып жатат. Ар бир ата-эне, мугалимдер окуучулардын арасында чоң-чоң инсандар, окумуштуулар, зоотехниктер ж.б.ушул сыяктуу инсандар чыгышын каалайбыз. Келечек жаштардын өсүп келе жаткан

муундун колунда деген сөзү менен жыйынтыктады.

**Угулду:** Жашы жете элек өспүрүмдөр менен иштөө бөлүмүнүн улук участкалык инспектору Кыдырова Самара сөзгө чыгып:

Жаш өспүрүмдөр арасындагы кылмыштуулуктун,укук бузуулардын алдын алуу багытында иш аракеттер жүргүзүлгөндүгүнө карабастан кылмыштын саны өсүүдө.Кыргыз Республикасынын 2005-жылдын 25-июнундагы Укук бузуулардын алдын алуу жөнүндөгү№82,2017-жылдын 27-апрелиндеги "Үй-бүлөлүк зордук-зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндөгү №63 мыйзамын аткарууга алуу менен иштер тынымсыз жүргүзүлүп жатат. Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын 21-июлунда №185"Кыргыз Республикасынын балдардын ден соолугуна, дене бойинтелектуалдык, психикалык, руханий, адептик өнүгүсүүнө зыян келтирүүнүн алдын алуу чаралары жөнүндө"буйругун өспүрүмдөрдүн ата-энелердин, балдардын арасында түшүндүрүү иштерин байма бай жүргүзүү. Кечки 22-00дөн кийин коомдук жайларда жалгыз жүргөнгө тыюу салынган. Кечинде өз алдынча ата-эненин коштоосу жок көчөгө, эс алуу жайларга барбоосу керек, сөзсүз ата-эне менен баруу зарыл. Азыркы учурда кылмыш жасап бизге түшсө базага түшүрүлөт. Ошондуктан эгер соттолуп же кылмыш кылсаң аты-жөнү чыга берет. Кийинки жашоосуна зыяны тиет. Жумушка кабыл алынганда тактамага жазылып калат. Ошондуктан мектептин уставына, мыйзамына баш ийип, балдарыңардын жакшы окуусуна жардам берип, туура жолдо жүрүүлөрүнө айтып өттү. Азыр технологияларын өнүккөн заманы. Виртулальный мектеп мына балдар ошонун артынан ээрчип келетат, ар бир балада телефон. Аны биз тыя албайт экенбиз, бирок телефонду бергенде туура пайдалануу жагын ата-эне көзөмөлдөшүбүз керек экен. Кандай кылып атат, эмнеге кирип атат, телефондун кесепетинен дары ичип каза болгон, боюн таштап бүтө элек курулуш жайга барып боюн таштап каза болгон окуучулар бар. Ушулардын баары биздин ата-эненин күнөөсү деп билемин. Шаарда ушул убакытка чейин бир нече мектеп окуучуларынын болгондо да кыздардын массалык уруш жаңжалдары болуп өткөн мындай уруш жаңжалдын акыбети жаман жолго түшүп калууга себепчи болуп, айрыкча кыздарыңарды көзөмөлдөп, алар болочоктогу эне, бир үй-бүлөнүн жарыгы болуп ата-эненерди уят кылбай бактылуу болуп жашашы үчүн сиздер ата-энелер кобүүрөөк көңүл буруунуздарды баса белгилеп айтып кетти. Башка мектептерге да бул жоосунсуз иш сабак болуп мындай иштен алыс болуушу керек- деп сөзүн жыйнтыктады.

Угулду: Жалал-Абад шаардык билим берүү бөлүмүнүн башкы адиси Маданова Айнура Мамытовна сөзгө чыгып төмөнкүлөргө токтолду.Биздин келечегибиз болгон балдарыбыз, мектептин окуу тарбия иштери боюнча сүйлөшүп отурганыбызга, сиздердин келечегиңиздерге биз ыраазычылык билдиребиз. Бир минута алагды болбой баарыбыз баланын келечеги үчүн аракет жасап, келүүдөбүз. Албетте, мектеп жакшы

көрсөткүчтөргө жетишүү сиздер менен урматтуу ата-энелер. Учурда окуучулардын билими, тарбиясына өтө маани берип көзөмөлгө алыңыздар. Ырайымсыз мамилелердин алдын алуу жана балдарды окууга, билимге кызыгуусун арттыруу максатында мектепте жакшы шарттар түзүлгөн. Окуучулар китептер менен камсыз болгон. Кылмыштуулуктун, укук бузуулардын алдын алуу максатында мектептерде көптөгөн иш- чаларалар, спорттук мелдештер, олимпиадалар уюштурулуп, өткөрүлүп келет. Келечекте жакшы бир кесиптин ээси болуу.Ал үчун ардайым тартип мыкты болуп жакшы окуу керек деп сөзүн аяктады.

**Жогорудагылардын негизинде жалпы чогулуш токтом кылат:**

1. Жашы жете электер арасында укук бузуулардын алдын алуу боюнча окуучулар арасында профилактикалык иш-чараларды үзгүлтүксүз алып баруу, түшүндүрүү иштерин жүргүзүү тарбия иштери боюнча директордун орун басарына жана ИДНдин өкүлүнө жооптуу катары милдеттендирилсин.
2. Балдардын жана өспүрүмдөрдүн арасында курбулар менен мамиле түзүүдө, зомбулукка жана катаалдыкка жол берилбестиги, коопсуз жүрүм-туруму эрежелери, зомбулукка жана кылмыштуу кол салуу учурунда жардам алуу мүмкүндүгү жөнүндө туруктуу маалыматтын агартуу иштерин жүргүзүү менен сабактын жүгүртмөсү илинген жерлерге ишеним жанан кызматтык телефондор илинсин.
3. Мектепке жана мектептин микро участкаларында күчөтүлгөн тартипте рейд жүргүзүлсүн.
4. Жалпы көзөмөл мектеп директору А.Ж.Сыдыковко жүктөлсүн.

Жыйналыштын төрагасы: А.Ж.Сыдыков

Катчысы: О.С.Абдулгазиева

Протокол №1

Жалал-Абад шаарындагы №22 жалпы негизги билим берүүчү мектебинин мектеп жамааты жана ата-энелер чогулушу

16.09.2022-жыл.

Башталышы-16:00

Бүтүшү-18:00

Катышты: Мугалимдер -12.

5-6-7-8-9-класстын ата-энелери-63

Чакырылгандар: 1 ЖИИнин участкалык инспектору, милициянын капитаны.Уркүнбаев А

Күн тартибиндеги каралуучу маселелер:

1. Жаны окуу жылын башталышы
2. Миграциянын, зордук-зомбулуктун, суициддин, укук бузуулардын, кылмыштуулуктун алдын алуу жана болтурбоо жөнүндө.

Сөзгө чыкты:

Мектеп директору Сыдыков Алмазбек Жаанбаевич сөзгө чыгып жаңы окуу жылында ата-энелерге жана окуучуларга жакшы тилектерин билдирип, жаны окуу жылынын милдеттерине каратты. Анда ата-энелерге милдеттерин жана окуу процессинын талаптары боюнча айтып өттүү. 2022-2023-окуу жылында мектебибиз акредидатциядан өтөт. *Бул дегени жалпы мектеп иштерин тактоо*, 5 жлдык документтерди санариптештирүү жана окуучулардын балим сапатындагы процессин текшерүү деп эсептелет. Ошондуктан урматтуу ата-энелер бизге желкедеш болуп балдарды окуусунда, тарбиясында жардам берип, колдошуңарды суранып кетти.

Экинчи маселе боюнча боюнча тарбиялык иштер боюнча директордун орун басары Абдулгазиева О.С сөз суйлөп, төмөнкуулөргө токтолду.Урматтуу ата-энелер акыркы күндө мектеп окуучулары арасында укук бузуулардын, миграциянын, зордук-зомбулуктун, суициддин, укук бузуулардын, кылмыштуулуктун алдын алуу жана болтурбоо максатында шартка жараша ар кандай иш чаралар өткөрүлүп жаткандыгын айтып, мектепте билим алуу менен биргеликте бекем тартип болуусун айтып өттү. Урматтуу ата энелер бирок биздин окуучулардын арасында ар түрдүү кылмыштарга барган тартип бузган окуучлар жок. Мектеп ичинде балдар үчүн “111” ишеним телефондору илинген бул боюнча окуучуларга толук маалыматтар жеткерилген.

*Сөзгө чыкты ИДН кызматкери Сатиев Тынарбек төмөндөгүлөргө токтолду.Зордук зомбулуктун курмандыгы болуп көпчүлүк учурда үй-бүлө* мүчөлөрүнүн корголбогон мүчөлөрү,аял,жаш бала,карыялар,инвалиддер болот. Балдарга карата зордук-зомбулук бул ата-эне тарабынан баланы өз убагында камкордукка албагандыгы баланы өсүп өнүгүшүнө ден соолугуна

зыян алып келиши мүмкүн ошондуктан урматтуу ата-энелер келгиле баарыбыз биригип балдарыбыздын келечегине алардын өсүп өнүгүүнө бирге аракет кылалы, ошондо гана биздин балдарыбыз арасында эч канда кылмыштар катталбайт деп сөзүн жыйындыктады.

**Чечим:**

**Жогорудагыларды угуп жана талкулап,мектеп кеңеш мектеп ата-энелер чогулушу төмөндөгүчө чечим кабыл алды.**

1. Миграциянын зордук-зомбулуктун,суициддин,укук бузуулардын алдын алуу боюнча иш-чаралар улантылып алардын таасирдүүлүгүнө өзгөчө көңүл бурулсун.

2. Мектеп администрациячына ЖЖӨИ нин иниспектору ата-энелер жана окуучулар менен бирдиктүү иш алып баруу жагынг көзөмөлдө жагы милдеттендирилсин.

Кеңештин төрайымы: Сыдыков А.Ж
Катчы: Абдулгазиева О.С